Кабыл алынды:
№1 педкеңеши
"30" август 2022-жыл

Бекитилди
Мектеп директору: Төлөбек кызы Анара
"30" август 2022-жыл

# Ата-энелердин жана жарандардын мектепке келүү тартибинин эрежелер топтому

**Түзгөн: Күнү: 30.08.22 ж**

**Жоопкерчиликтүү орган: мектептин администрациясы**

**Кабыл алган күнү: ______20___ж**

**Кайра каралуучу күнү: 30.08.23-ж**

## 1.КИРИШ БӨЛҮМҮ

Мектеп окуу процесси жүргүзүлгөн билим берүү мекемеси. Мектеп азыркы мезгилде бир канча функция аткарат: - окутуу, эс алуу, ийримдер өтүлгөн, иш чаралар өткөрүлгөн жай. Мектепте ушул иштер жүргүзүлүүдө мугалимдер жана окуучулар өзүн ыңгайлуу, коопсуз сезүүсү абзел. Ата-энелер мектепке келүүдө «мектепке келүү» шартын так аткаруусу зарыл.

**Мектеп бренди**: мектеп коллективи ар дайым жаңылануну көздөгөн, өзгөрүүнү каалаган, алдыга умтулган, лидер, билим берүү багытында жана интеллектуалдык таймаштарда ийгиликтери бар мугалимдерден турат.

Окуучулар ыймандуу, билүүгө умтулган аракетчил.

## 2. Камтуу:

Эрежелер топтому бардык мектепте балдары окуган ата-энелерге жана мектепке келген жарандарга колдонулат жана бардык тиешелүү адамдарга жеткирилет(чогулушта жана эл.түрдө)

**Мазмуну:**

1.Кириш бөлүм
2.Милдеттери
3.Максаты

Сканировано с CamScanner

4.Жүрүшү

5.Колдонулуучу чаралар

6.Тиркелүүчү документтер

**3.Максаты:**

1.Окуучуларга терен билим берүүдө, мектепте мугалимдерге жана окуучуларга жагымдуу шарт түзө билүү.

2.Окуу мекемесине киргизүүдө эрежелерди киргизүү менен, жалпы тартип киргизилет.

**Процедуралар:**

**1.Жалпы талап:**

1.Окуу мекемесине кируу мектеп админстрациясы же мектеп педагогдору тарабынан алдын-ала макулдашуу менен жүргүзүлөт.

2. Класс жетекчилер чогулуш же атайын чакыртууларды адын-ала маалымдайт.

3.Башталгыч класста балдарын алып кетүүгө келген ата-энелер холдо күтүшөт.

Мектепке кирүүдө төмөнкүлөргө **ТЫЮУ САЛЫНАТ**:

-- жалпы тартипти сактабоого;

-- өзү менен кошо атылуучу курал-жарак, газ, пневматикалык куралдар, муздак куралдарды, пиротехника, атайын коргонуучу каражаттарды, наркотикалык заттарды алып кирбөөгө;

-өзү менен спирт ичимдиктерин алып келип, ичүүгө;

-- мектеп кызматкеринин ишине тоскоолдук жаратууга;

--өзү менен жаныбарларды алып келүүгө

--мектепте сатуучулукка, жарыя ишкердүүлүгү менен алектенүүгө

5. Мектеп кызматкерлери келүүчүлөргө кайсы учурда мектептен, мектепке тиешелүү аймактан четтете алышат:

--обьекттин коопсуздугуна шек жаратканда жана коомдук тартипти бузган учурда ;

--мектеп ишмердүүлугүнө тоскоолдук жараткан учурда;

--мектептин имаратынын жана мулкунун сакталуусуна коопсуздук жаралганда;

--кызматкерлерге, окуучуларга конфликтик кырдаал тузуп,уят кылып, кордосо

6. Кире берище маселелер жаралса, дежур мугалим чечет.

**2.Ата-энелердин мектепте болуу эрежелери:**

1. Ата-энелердин мектепке кируусу мектеп админстрациясы же мугалимдер менен алдын-ала сүйлөшүүнүн негизинде болот.

2. Жолугушуу үчүн кире бериш жердеги мугалимге келүү максаты маалымдалат.

3.Жолугушуу сабактан кийинки убакта гана жүргүзүлөт

**5.Чара колдонуу**

Жогорку процедуралар аткарылбаган учурда мектеп админстрациясы тарабынан төмөнкү чаралар колдонулат:

- эскертүү
- мектеп админстрациясына билдирүү
- орган кызматкерлерине кабарлоо

**6. Эрежелер топтомуна тиешелүү документтер:**

1.Билим беруу мыйзамы

2. Ата-энелердин ж.б. жарандардын мектепке келуу тартибинин эрежелер топтому

3.Мектетин Уставы

Сканировано с CamScanner